Макулдашылды
КМТУнун Профсоюздук уюмунун
төрайымы А. А. Абылаева
"____" ________________ 2023 ж.

БЕКИТЕМ
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору М.К.Чыныбаев
________________ 2023 ж.

Педагогикалык кадрларды эмгекти коргоо боюнча НУСКАМА

1. Эмгекти коргоонун жалпы талаптары

1.1. Бул нускама педагогикалык персонал үчүн кызматтык милдеттерди аткаруусунда, кызматтык жайларда, жумуш орундарында жана университеттин аймактарында эмгекти коргоо талаптарын белгилейт.

1.2. Көрсөтмөлөр төмөнкү кызматтарга тиешелүү: профессор, доцент, ага окутуучу, окутуучу. Мугалимдин милдеттерин аткарууга адамдар эмгекти коргоо боюнча өткөрүлүүчү алгачкы нускаманы өтүп жана жумуш ордунда өткөрүлүүчү баштапкы киришүү нускаманы өткөндөн кийин уруксат берилет.

1.3. Педагогикалык иштерди аткарууда төмөндөгү зыяндуу жана коркунучтуу өндүрүштүк факторлордун таасири болушу мүмкүн:

- ПКнын иштөөсүндө электромагниттик, жумшак рентген, ультрафиолет жана инфракызыл нурлануунун деңгээлинин жогорулануусунан же алардын нейтралдуу коргоочу өткөргүчтөрүнүн схемасынын бузулуусунан;
- электр зымдарынын приборлордун электр шнурларынын, туташтыргыч кабелдердин изоляциясы,жана ПК изоляциялоочу корпустары, ПКнын перифериялык оруңдамалары, оргтехника каражаттары, кондиционерлер ж.б. жабдуулар бузулганда алардын электр чынжырындагы коркунучтуу бузулуулардан кыска туташуунун (кз) мүмкүн болушу;
- жумуш ордунда абанын температурасынын жогорулашы же төмөндөшү, абанын нымдуулугунун жогорулашы, иш зонасын жетишсиз жарыктандыруулусу;
- физикалык, нерв-психикалык жана эмоционалдык ашыкча жүктөөлөр, көрүү анализаторлорунун ашыкча жүктөлүшү;
- бийиктиктен (шкафтардан, текчелерден) кулаган буюмдар, полго түшүп калган кагаз калдыктарын басып алууда же жуулгандан кийин кургап сүртүлбөгөн полго жылмышууда, алардын натыйжасында полго жыгылганда жакын турган эмеректерден жаракаттануу мүмкүн экендигин жокко чыгарууга болбойт;
- өрттүн чыгуусунан күйүү продуктулары бөлүп чыгарган заттардан уулануунун пайда болушу;
- башка жагымсыз факторлор.

1.4. Ар бир административдик жана башкаруучу кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:

1.4.1. Эмгек келишиминде жана кызматтык нускамада каралган өзүнүн квалификациясына ылайык келген иштин түрлөрүн гана аткар;

1.4.2. Зарылчылыкка жараша, жумушта бар болгон компьютерди жана оргтехниканы, ошондой эле жумушта колдонулган башка инструменттер менен аппараттарды (факс машиналары, ксерокс ж.б.у.с.) иштетүү боюнча нускамаларды түшүнө билгенден кийин колдон.

1.4.3. Кызматтык жана өндүрүштүк нускамалардын талаптарын, эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугунун чаралары боюнча нускамаларды, ички эмгек тартибин дайыма сактап аткар.

1.4.4. Жумушта иш ордунда өз максаты боюнча гана жана иштөөгө жарактуу бузулуп сынбаган эмеректерди, жабдууларды, оргтехниканы жана башка пайдалануучу жабдууларды гана колдон.

1.4.5. Биринчи жардам көрсөтө бил.

...кты иликтөөдө кызматкер окуянын ага белгилүү болгон бардык жагдайларын ... милдеттүү.
...рордук актылар пайда болгондо же жасоо коркунучу пайда болгон учурларда , ...теттин өзгөчө кырдаалдарда коопсуздук эрежелерине ылайык аракеттенилсин.
... Кызматтык жайда эмгекти коргоо талаптарын өз алдынча жоюуга мүмкүн болбогон ...улар аныкталса, ошондой эле кызматкердин же башка кызматкерлердин өмүрүнө же ден ...олугуна коркунуч жаралса, бул тууралуу түздөн-түз жетекчиге кабарлап, ишти токтотуп, коопту аймактан чыгарылсын.

5. Иш аяктагандан кийин эмгекти коргоо талабы

Иштин аягында мугалим төмөнкүлөргө милдеттүү:

5.1. Күнү-түнү иштөөгө арналган жабдууларды (факс аппараттары, тармак серверлери ж.б.) кошпогондо, оргтехниканы жана башка жабдууларды электр кубатынан ажыратылсын.

5.2. Жумуш ордун тазалап, анын өрт коопсуздугуна өзгөчө көңүл бурулсун.

5.3. Ачылган терезени жабылсын.

5.4. Жарыктар өчүрүлсүн.

5.5. Иш учурунда табылган кемчиликтер тууралуу кафедра башчысына же имаратынын комендантына билдирилсин.

КТЭКЖКБ башчысы **З.Т. Мусакожаев**